- иш-чараны өткөрүү болжолдонгон орунду;

- демилгечи топтун мүчөлөрү жөнүндө маалыматтарды (алардын фамилияларын, ысымдарын, атасынын аттарын, жашаган даректерин).

18.4.Кайрылуу айыл өкмөтүнүн башчысына же жергиликтүү кеңештин төрагасына келип түшкөн (катталган) күндөн тартып 14 жумушчу күндүн ичинде каралат.

18.5.Кайрылууну кароонун жыйынтыктары боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы жыйынды (чогулушту) өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алат жана аларды өткөрүүнү уюштурат, же болбосо аны өткөрүүдөн баш тартат.

Кайрылууну кароонун жыйынтыктары боюнча жергиликтүү кеңештин төрагасы кайрылуу менен макул болгон учурда, айыл өкмөтүнүн башчысына жыйынды (чогулушту) өткөрүүнү тапшырат, же болбосо аларды өткөрүүдөн баш тартат.

18.6.Жыйынга (чогулушка) эгерде ага тийиштүү аймактын (айыл аймагынын, айылдардын) шайлоо укугуна ээ болушкан жашоочуларынын пайызы катышса, же жыйынга (чогулушка) чакырылгандардын___ пайызы катышса, жыйын (чогулуш) укуктуу болуп эсептелет. (Жыйындын (чогулуштун) укуктуулугун аныктаган катышуучулардын саны жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленет: мисалы, 40 адамдан кем эмес катышса укук ченемдүү болот, чакырылгандардын жарымынан көбү катышса, айыл аймагынын/айылдык аймактын жашоочуларынын жарымынан көбү катышса ж.б.).

18.7.Тийиштүү аймактын (көчөнүн, айылдардын, айыл аймагынын) жашоочуларынын, же чогулушту өткөрүү үчүн чакырылган катышуучулардын зарыл саны болбогон учурда, жыйын (чогулуш) катышуучулардын макулдугу менен белгилүү мөөнөткө жылдырылат.

*19.Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн ченем жаратуу (элдик) демилгеси*

19.1.Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ченем жаратуу (элдик) демилгесин көтөрүү укугуна ээ. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан ченем жаратуу демилгеси тартибинде иштелип чыккан жана жергиликтүү кеңешке киргизилген токтомдун долбоору милдеттүү түрдө демилгечилердин жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн катышуусунда каралууга жатат.

19.2.Ченем жаратуу демилгесин ишке ашырууга чет элдик жарандар, мыйзам тартибинде аракетке жөндөмсүз деп таанылган, ошондой эле соттун өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратылган жерде кармалган жарандар катыша албайт.

19.3.Элдик ченем жаратуу демилгени ишке ашырууга Кыргыз Республикасынын бардык аймагында - айыл аймагында согуштук же өзгөчө кырдаалдар киргизилген шарттарда жол берилбейт.

19.4.Ченем жаратуу демилгеси иретинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама- каршы келген жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоорлору жергиликтүү кеңешке киргизилиши мүмкүн эмес.

19.5.Жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоорун демилгелөө жана киргизүү тууралуу сунуш менен чыккан жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү элдик демилгени ишке ашыруу үчүн курамы 7-11 адамдан турган демилгечи топту түзүшөт. Айыл аймагында жашап турган жана 18 жашка чыккан жергиликтүү жамааттын мүчөсү демилгечи топтун мүчөсү боло алат (*Демилгечи*